9. **Кыргыз Республикасынын элчилигинин Россия Федерациясынын Якутск шаарындагы кеңсеси (бөлүмү)**
Дареги: Россия, Саха Республикасы (Якутия), Якутск шаары, Орджоникидзе көчөсү 20, 109-каб. / Телефон: +7 (926) 716 06 75 (моб.)
E-mail: kgyakutsk@mfa.gov.kg

**Россия Федерациясындагы «TONG JAHONI» эл аралык мамлекеттик эмес, коммерциялык эмес уюмунун акысыз юристтери**
+79268347602, +79031489636 орус жана англис тилдеринде
+79031037442 өзбек, тажик жана орус тилдеринде
+79031666780 кыргыз, өзбек жана орус тилдеринде
+79031692920 тажик, немец жана орус тилдеринде
+79031699161, +79057980303 тажик жана орус тилдеринде

## ЭМГЕК МИГРАЦИЯСЫНА АЛДЫН АЛА ДАЯРДАНУУ БОЮНЧА ДАРЕКТЕР ЖАНА ТЕЛЕФОНДОР

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлигинин алдындагы Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору**
Дареги: Бишкек шаары, Токтогул көчөсү 237 (Жаш Гвардия бульвары менен кесилишет).
Дареги: Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 128
Бирдиктүү чалуу номери менен шыр байланыш 0800-0000-189 (республиканын бардык аймактарынан чалуу акысыз);
Стационардык телефондон кыска номер - 1899 (Бишкек шаары боюнча гана);
WhatsApp номер: +996 559 18 99 00 / Сайт: www.migrant.kg

## КООМДУК УЮМДАР

1. **«Улгайгандар үчүн ресурстук борбор» коомдук бирикмесине караштуу чакан коомдук кеңештер:**
   - Ысык-Көл облусу, Каракол шаары, Ленин көчөсү 152, тел: +996 778 013216
   - Талас облусу, Талас шаары, Бердике Баатыр көчөсү 198-үй, 5-батир, тел: +996 552 773 377
   - Жалал-Абад облусу, Сузак району, Багыш айылы Гагарин көчөсү 60, тел. + 996 772 663122
   - Ош облусу, Ош шаары, Раззаков көчөсү 8/1, тел. +996 779 231 777
2. **«Коомдордун интеграциясы» коомдук бирикмеси**
   - Чүй облусу, Москва району, Беловодское айылы, Ленин көчөсү 25, 112-кабинет, тел: +996 550 71 50 72, +996 556 11 00 52
   - Нарын облусу, Ат-Башы району, Ат-Башы айылы, тел.: +996 777 71 97 29
3. **«Инсан-Лейлек» коомдук фонду**
   - Баткен облусу, Лейлек району, Исфана шаары Стадион көчөсү, тел: +996 3656 5 01 04, +996 770 508 505, + 996 771 88 78 34
   - Баткен облусу, Лейлек району, Тогуз-Булак айылы, тел: +996 771 81 43 43
   - Баткен облусу, Лейлек району, Катран айылы, тел: +996 773 51 59 00, +996 550 66 90 67
   - Баткен облусу, Баткен району, Карабак айылы, тел: +996 773 45 02 9 6
   - Баткен облусу, Баткен району, Чек айылы, тел: +996 777 24 38 85



Secours Catholique Caritas France ENSEMBLE, CONSTRUIRE UN MONDE JUSTE ET FRATERNEL
КАРЫЛАРДЫН РЕСУРСТУК БОРБОРУ КООМДУК БИРИКМЕСИ
ИНСАН ЛЕЙЛЕК Коомдук Фонду
«КООМДОШТУКТУ БИРИКТИРҮҮ» КООМДУК БИРИКМЕ
ОО «ИНТЕГРАЦИЯ СООБЩЕСТВ» РА «INTEGRATION OF COMMUNITIES»

# РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНА ИШТӨӨГӨ БАРА ТУРГАНДАР ҮЧҮН КЫСКАЧА НУСКАМА

***Кыргыз Республикасынан Россия Федерациясына келген эмгек мигранты үчүн кеңештер***

## Эмнеден баштоо керек?
## Эң башында, учардан мурун, Россия Федерациясына кирүү үчүн ПЦР-тестти тапшыруу зарылдыгын тактаңыз.



## РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНА ИШТӨӨГӨ БАРА ТУРГАНДАР ҮЧҮН КЫСКАЧА НУСКАМА

***Кыргыз Республикасынан Россия Федерациясына келген эмгек мигранты үчүн кеңештер***

***Эмнеден баштоо керек?***

**Эң башында, учардан мурун, Россия Федерациясына кирүү үчүн ПЦР-тестти тапшыруу зарылдыгын тактаңыз.**

### 1-кадам: АДИСТЕР МЕНЕН КЕҢЕШИҢИЗ!

Аймагыңыздагы адистерге барып, Россия Федерациясынын чек арасынан мыйзамдуу түрдө өтүү, миграциялык картаны туура толтуруу, миграциялык каттоого туруу полиция менен туура мамиле, Россияда турак-жайды ижарага алуу, жумуш издөө маселелери жана өзүңүздүн эмгек укуктарыңызды коргоо негиздери боюнча акысыз кеңеш алыңыз.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлигинин алдындагы Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору**

Дареги: Бишкек шаары, Токтогул көчөсү 237 / (Жаш Гвардия бульвары менен кесилишет)

Дареги: Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 128

«Шыр байланыш» телефону - w\a +996 559 189 900

Пайдалуу ресурстар:

- http://migrant.kg/
- http://migranty.org
- МигрАзия+жана Мигранттын маалымдамасы мобилдик тиркемелери (МигрАзия+ и Справочник мигранта)

### 2-кадам: ҮЙДӨ КАЛТЫРГАН ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК БАЛДАРЫҢЫЗГА БАЙЛАНЫШТУУ БАРДЫК УКУКТУК МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЕЧИҢИЗ

Эмгек миграциясына кетер алдында үйдө кала турган жашы жете элек балдарыңызга кам көрүңүз! Балаңызды калтырып жаткан тууганыңызга мыйзамдуу камкорчулукту каттатыңыз. Бул, жок дегенде, баланы ага карата зордук-зомбулуктан жана чоңдордун кайдыгерлигинен коргойт! Балаңыздын расмий камкорчусу үй-бүлөңү жана балдарды коргоо боюнча жергиликтүү бөлүмдүн көзөмөлүндө болот, анын кызматкерлери мезгил-мезгили менен балаңызга келип камкорчунун жашаган жерин текшерип турушат.

### 3-кадам: ӨЗҮҢҮЗДҮН «КАРА ТИЗМЕДЕ» ЖОК ЭКЕНИҢИЗДИ ТЕКШЕРИҢИЗ

Сизди Россия Федерациясына киргизбей коюу коркунучун алдын алуу үчүн, алдын ала, кетерден 2 ай мурун, Россия Федерациясына кирүүгө тыюу салынгандыгы же жоктугу жөнүндө мамлекеттик органдардагы маалыматты текшериңиз. Бул Россия Федерациясынын Ички иштер министрлигинин маалыматтар базасы (https://мвд.рф/сервисы-гувм). Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлигинин алдындагы Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борборунун сайтында http://migrant.kg/ өзүңүздү кара тизмеден кантип текшере тургандыгыңыз тууралуу кеңири нускама жайгаштырылган.

### 4-кадам: ӨЗҮҢҮЗДҮН ИНСАНДЫГЫҢЫЗДЫ ТАСТЫКТАГАН ДОКУМЕНТТЕРДИН ЖАРАКТУУЛУК МӨӨНӨТҮН ТЕКШЕРИҢИЗ

Россия Федерациясына кеткенге чейин өзүңүздүн инсандыгыңызды тастыктаган документтердин, ички паспорттун (ID-карт) жана чет элдик паспорттун жарактуулук мөөнөтүн текшериңиз. Документтериңиздин мөөнөтү бүтө турган болсо, кетер алдында документтериңизди жаңыртууну сунуштайбыз.

### 5-кадам: РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНА КИРҮҮ ТАРТИБИ

Кыргыз Республикасынын жарандары Россия Федерациясына жарактуу чет өлкөлүк паспорт же Кыргыз Республикасынын ички паспорту (ID - card) менен кире алышат. Россия Федерациясынын чек арасынан өтүүдө эки бөлүктөн - А жана Б бөлүктөрүнөн турган миграциялык картаны кылдаттык менен толтуруңуз. Толтурулган миграциялык картага кол коюудан мурун өздүк маалыматтарыңызды текшериңиз. Картаны толтурууда Россияга кирүүнүн чыныгы максатынын астын сызып коюңуз, эмгек миграциясында сөзсүз түрдө «жумуш» деп жазышыңыз керек. Кийин кайра өлкөдөн чыкмайынча кирүү максатыңызды оңдоо мүмкүн эмес! А бөлүгүн чек арачы алат, ал эми Б бөлүгү сиздин колуңузда калат. Эч кандай шартта аны жоготуп албаңыз!

### 6-кадам: ТУРАК-ЖАЙДЫ ИЖАРАГА АЛУУ

Сак болуңуз, ишенимдүү кыймылсыз мүлк агенттиктери же сайттар аркылуу гана турак жайды ижарага алыңыз! Үй ээси менен сөзсүз түрдө жазуу жүзүндө келишим түзүүнү унутпаңыз, келишимге төмөнкү маалыматтардын киришин текшериңиз: конкреттүү ижарага берүү мөөнөтү, айына ижара акысынын суммасы, батир менен бирге берилген мүлктүн тизмеси жана анын иш жүзүндөгү абалы, ошондой эле сиз менен бул квартирада жашай турган бардык адамдардын тизмеси. Үй ээсинен сизди миграциялык каттоого коюусун сураныңыз.

### 7-кадам: ЖУМУШКА ОРНОШУУ

Россия Федерациясына киргенден тартып жумуш издөөгө сизге 30 күн убакыт берилет. Сөзсүз түрдө жумуш берүүчүдөн сиз менен эмгек келишимин же ишти аткаруу/кызмат көрсөтүү келишимин түзүүнү талап кылыңыз. Эгерде жумуш берүүчү сиз менен жазуу жүзүндө келишим түзүүдөн баш тартса, анда алар сизди алдап, эмгек эксплуатациясына дуушар кылуу

коркунучу бар - башка жумуш издеңиз. Жумуш издөө үчүн пайдалуу шилтемелер https://www.rabota.ru/, https://trudvsem.ru/.

Евразия экономикалык биригине мүчө болгон өлкөнүн иштеген жараны катары салык кызматынын бөлүмүндө салык төлөөчүнүн идентификациялык номерин (СИН), ошондой эле пенсияны каттоо үчүн өздүк эсептин жеке камсыздандыруу номерин (СНИЛС) тариздөөнү унутпаңыз. Өздүк эсептин жеке камсыздандыруу номерин (СНИЛС) тариздөө үчүн Россия Федерациясынын каалаган аймактык пенсиялык органына кайрылуу керек.

**МЫЙЗАМСЫЗ ИШ-АРАКЕТТЕР, АНЫН ИЧИНДЕ БАҢГИ ЗАТТАРДЫ САТУУ ЖАНА ТАРАТУУ ҮЧҮН КЫЛМЫШ ЖООПКЕРЧИЛИГИН УНУТПАҢЫЗ!!!**

## 8-кадам : МИГРАЦИЯЛЫК КАТТООГО ТУРУУ

Россия Федерациясына киргенден кийин 30 күндүн ичинде иш жүзүндө жашаган жериңиз боюнча миграциялык каттоого турушуңуз керек. Ал үчүн сиз жана сиз ижарага алып жаткан батирдин/үйдүн ээси паспортуңуз, миграциялык картаңыз, үй ээсинин паспорту, менчик күбөлүгү же социалдык жалдоо келишими менен «Менин документтерим» көп функционалдуу борборуна же Миграция башкармалыгынын райондук бөлүмүнө барып, «келүү билдирүүсүн» толтурушуңуз керек.

**Эгерде сиз 1 күнгө эле кечигип калсаңыз,Россия Федерациясына 5 жылдык мөөнөткө кирүүгө тыюу салуу менен үйүңүзгө депортацияланышыңыз мүмкүн.**

Эгерде сиз мейманканада, жатаканада жана эс алуу үйүндө жашасаңыз, бул учурда кабыл алуучу тарап өз алдынча сиздин жашаган жериңиз жөнүндө Россия Федерациясынын Ички иштер министрлигинин Миграция маселелери боюнча башкы башкармалыгына кабарлайт. Сиз чыгып кеткенден кийин сизди каттоодон чыгарышат.

**Эгер иш берүүчү турак жай менен камсыз кылса, ал сизди өз алдынча миграциялык каттоого тургузат.** Мындай вариант көбүнчө курулуш компаниялары, канаттуулар фабрикалары ж.б. тарабынан колдонулат.

## 9-кадам : МЕДИЦИНАЛЫК КҮБӨЛӨНДҮРҮҮ, МАНЖА ИЗИН КАТТОО ЖАНА СҮРӨТКӨ ТАРТУУ

Россия Федерациясына эмгек ишмердигин жүзөгө ашыруу үчүн киргенде сиз 30 күндүн ичинде медициналык күбөлөндүрүүдөн, ошондой эле мамлекеттик манжа изин каттоо жана сүрөткө тартуу процедурасынан өтүшүңүз талап кылынат.

**Медициналык күбөлөндүрүү** - бул баңги каражаттарын же психотроптук заттарды колдонууну, жугуштуу ооруларды комплекстүү текшерүү, ошондой эле дарыгерлердин кароосу. Медициналык күбөлөндүрүүнүн терс натыйжасында 12 айлык мөөнөткө жарактуу сертификат берилет. Изилдөөнүн оң натыйжасы болгондо сертификат берилбейт. 6 жашка чейинки балдар медкомиссиядан өтүшпөйт. Калган жашы жете электерге медициналык комиссиядан өтүү милдеттүү. Мында 13 жашка чейинки балдар баңги жана психотроптук заттардын бар экендигин изилдөөгө анализ тапшырышпайт.

Медициналык комиссиядан өтүп, жыйынтыгын алгандан кийин манжа изин каттоодон өтүп, сүрөткө түшүү керек. Манжа изин каттоодон өткөндөргө тастыктоочу документ берилет. Бул процедура Россия Федерациясына кирүү/чыгуу санына карабастан бир жолу гана жүргүзүлөт жана акысыз. Эгерде сиз Россия Федерациясына жеке сапар менен келген болсоңуз, анда жогоруда көрсөтүлгөн жол жоболорду кирген күндөн тартып 90 күндүн ичинде аткарышыңыз керек.

## 10-кадам: МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУНУ САТЫП АЛУУ

Эгерде сиз Россия Федерациясында иштөөнү пландап жатсаңыз, анда ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисин жана милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин алуу керек.

Ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полиси – бул ыктыярдуу камсыздандыруу, ансыз эмгек келишимин түзүү мүмкүн эмес. Ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полисин тариздөө үчүн сиз иштей турган аймактагы каалаган камсыздандыруу компаниясына же Россия почтасына кайрылсаңыз болот. Ыктыярдуу медициналык камсыздандыруу полиси кийинки узартуу менен 3 ай же андан ашык мөөнөткө берилет.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси сизге акысыз баштапкы медициналык-санитардык жардамды жана адистештирилген жардамды, анын ичинде жогорку квалификациялуу жардамды алууга мүмкүндүк берет. Сиз ММК полисин медициналык камсыздандыруу уюмунда тариздесеңиз болот, адатта, бул сиздин жашаган жериңиз боюнча бейтапканада жүргүзүлүшү мүмкүн. ММК полисинин жарактуулук мөөнөтү календардык жылдын аягына чейин, бирок сиздин эмгек келишимиңиздин жарактуулук мөөнөтүнөн узак эмес.

## 11-кадам : ЭМГЕК МИГРАНТЫНЫН КЕПИЛДЕНГЕН СОЦИАЛДЫК ПАКЕТИ

Сиз Россия Федерациясында жүргөндө төмөнкүдөй социалдык камсыздандырууга укуктуусуз:

- оору боюнча (эмгекке жарамсыздык баракчасы боюнча төлөмдөр),
- эне болууга/баланын төрөлүшүнө байланыштуу төлөмдөр (декреттик төлөмдөр, балага жөлөкпул);
- кырсыктардан жана кесиптик оорулардан улам төлөмдөр;
- жумушчу каза болгон учурдагы төлөмдөр;
- ЕАЭБ жарандарын пенсиялык камсыздоо (СНИЛС);
- Эмгек келишими түзүлгөн учурда сизди кызматкер катары милдеттүү медициналык камсыздандыруу.

Бул социалдык пакет эгерде сиз эмгек келишими менен иштеген болсоңуз гана берилет. Аны алуу үчүн иш берүүчүгө, ошондой эле мамлекеттик кызматтар-

ды көрсөтүү боюнча көп функциялуу борборлорго кайрылуу керек (МФЦ) https://md.mos.ru/

### 12-кадам: ПОЛИЦИЯ КЫЗМАТКЕРИ МЕНЕН БОЛГОН МАМИЛЕ

Полиция кызматкерлеринен коркуунун кажети жок, бирок алар менен баарлашууда өз укуктарыңызды билүү зарыл. Паспортту, миграциялык картаны, миграциялык каттоого коюу жөнүндө билдирүүнү, ыктыярдуу же милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин дайыма жаныңызда алып жүрүү керек.

**Бул документтердин бардыгынын көчүрмөсүн жасоону жана аларды түп нускасынан бөлөк сактоону унутпаңыз!**

### 13-кадам : РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНДА СИЗ МЕНЕН КОШО ЖҮРГӨН ҮЙ-БҮЛӨ МҮЧӨЛӨРҮНҮН УКУКТАРЫ

Сиздин үй-бүлөңүздүн мүчөлөрү (күйөөңүз же аялыңыз, ата-энеңиз жана балдарыңыз), анын ичинде сиз менен бирге Россияда жүргөн жашы жете элек балдарыңыз дагы сиздин эмгек келишимиңиздин негизинде каттоодон өтүп, аны узартууга милдеттүү.

### 14-кадам: АДАПТАЦИЯ

Эгерде сиз этникалык, диний же башка негиздер боюнча куугунтукка кабылып, кол салууга же кемсинтүүгө дуушар болгон болсоңуз, ачык чыр-чатакка барбай, өз укугуңузду коргоого аракет кылыңыз. Кыйкырбаңыз, урушпаңыз, колуңузду шилтебеңиз, жаман сөздөрдү колдонбоңуз. Мүмкүн болсо, дароо 112+2 же 102 номуруна чалып, сизге кол салуу болгонун, полициянын отряды керек экенин айтканыңыз оң. Дарегиңизди, фамилияңызды, атыңызды жана жарандыгыңызды билдириңиз.

**ЭСИҢИЗДЕ БОЛСУН, БАШКА МАМЛЕКЕТТЕ ЖҮРГӨНДӨ, ӨЗ МЕКЕНИҢИЗДЕГИДЕЙ ЭЛЕ, МЫЙЗАМДАРДЫ ЖАНА МАДАНИЯТТЫ СЫЙЛАШЫҢЫЗ КЕРЕК!**

### РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНДА АКЫСЫЗ УКУКТУК ЖАРДАМ АЛУУ ҮЧҮН ДАРЕКТЕР ЖАНА ТЕЛЕФОНДОР:

**Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдөгү жарандары үчүн Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин ишеним телефону**
(+996-312) 66 06 75 (+996-312) 66 34 05 (100 же 103) (+996) 551 31 20 00 (Whatsapp)
**Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы элчилиги:**
Дареги: 115127, Москва, Большая Ордынка көчөсү, 64 /Тел.:+ 7 (499) 237 65 65
**Балдар жана аялдар үчүн ишеним телефону:** +7(996) 665 76 88
E-mail: kgembassy.ru@mfa.gov.kg
**Телеграмдагы элчиликтин робот-консультанты:** https://t.me/kg_consulBot



**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНДАГЫ ЭЛЧИЛИГИНИН КОНСУЛДУК БӨЛҮМҮ:**
Дареги: 115127, Москва, Большая Ордынка көчөсү, 62 стр. 2 *(Погорельский чолок көчөсүнөн киресиз)* / Телефон: +7 (499) 237 65 65
Ишеним телефону: + 7 (925) 115 50 47 *(тез арада юридикалык жана консулдук жардам талап кылынган учурларда)*
**Консулдук бөлүмдүн расмий Телеграм-каналы:** https://t.me/kg_consul

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНДАГЫ КОНСУЛДУК МЕКЕМЕЛЕРИ:

1. **Кыргыз Республикасынын Екатеринбург шаарындагы Башкы консулдугу**
   Дареги: Россия, Екатеринбург шаары, Щорс көчөсү, № 54а үй, 5-кеңсе
   Телефон/факс: +7 (343) 223 68 12, 223 68 13, 223 68 14, 223 68 15, +7 (991) 199 35 95 (өзгөчө кырдаалдарда гана) IP: 96 20 85
   E-mail: genconkr-ekb@mail.ru / Сайт:*https://mfa.gov.kg/ru/dm/generalnoe-konsulstvo-kyrgyzskoy-respubliki-v-g-ekaterinburg*
2. **Кыргыз Республикасынын Новосибирск шаарындагы Башкы консулдугу**
   Дареги: Россия, Новосибирск шаары, Крылов көчөсү, 64/1
   Телефон: +7 (383) 210 66 24 / E-mail: konsulsib.kg@mail.ru / *Сайт: https://mfa.gov.kg/ru/dm/generalnoe-konsulstvo-kyrgyzskoy-respubliki-v-g-novosibirsk*
3. **Кыргыз Республикасынын элчилигинин Россия Федерациясынын Владивосток шаарындагы кеңсеси (бөлүмү)**
   Дареги: Россия, Владивосток шаары, Алеутская көчөсү, 15 “В”, 402-кеңсе
   Телефон: +7 (423) 27 91 109; + 7 (924) 004 58 18 (моб.)
   E-mail: consulvl@mail.ru / Сайт: http://consulvl.ru/
4. **Кыргыз Республикасынын элчилигинин Россия Федерациясынын Иркутск шаарындагы кеңсеси (бөлүмү)**
   Адрес: Россия, Иркутск шаары, Декабрьские события көчөсү, 107а
   Телефон: +7 (3952) 43 55 96 /E-mail: kgirkutsk@mfa.gov.kg; kgirkutskmfa@mail.ru
5. **Кыргыз Республикасынын элчилигинин Россия Федерациясынын Красноярск шаарындагы кеңсеси (бөлүмү)**
   Дареги: Россия, Красноярск шаары, Мир проспектиси 132
   Телефон: +7 (391) 234 34 08 / E-mail: kgkrasnoyarsk@mail.ru
6. **Кыргыз Республикасынын элчилигинин Россия Федерациясынын Санкт-Петербург шаарындагы кеңсеси (бөлүмү)**
   Дареги: Россия, Санкт-Петербург шаары, Чехов көчөсү, үй №14 б лит А, 2Н-бөлмө / Телефон/факс: + 7(812) 418 24 22 / E-mail: konsul_kr_spb@mail.ru
7. **Кыргыз Республикасынын элчилигинин Россия Федерациясынын Сургут шаарындагы кеңсеси (бөлүмү)**
   Дареги: Россия, Сургут шаары, Югорский тракт, 1-үй
   Телефон: +7 (982) 197 63 36; +7 (982) 582 46 78 / E-mail: kgsurgut@mfa.gov.kg
8. **Кыргыз Республикасынын элчилигинин Россия Федерациясынын Южно-Сахалинск шаарындагы кеңсеси (бөлүмү)**
   Дареги: Россия, Южно-Сахалинск шаары, Мир проспектиси, № 2б\5 үй *(экинчи кабат)* /Телефон: +7 (4242) 30 05 09; +7 (977) 852 90 98 (моб.)
   E-mail: kgysakhalinsk@mfa.gov.kg